## ЭМГЕК УКУКТАРЫН КОРГОО

**Мамлекеттик эмгек инспекциясы**
**Москва** 8 (495) 343-91-90 git77.rostrud.ru
**Московская область** 8 (495) 343-99-54 git50.rostrud.ru
**Санкт-Петербург** 8 (812) 746-59-86 git78.rostrud.ru
**Ленинградская область** 8 (812) 612-70-34

**Прокуратура**
**Москва шаары:** 8 (495) 683-68-74 mosproc.ru
**Москва областы:** 8 (495) 628-27-88 mosoblproc.ru
**Санкт-Петербург шаары:** 8 (812) 318-26-34 procspb.ru/reception
**Ленинград областы.:** 8 (812) 429 77 55 prokuratura-lenobl.ru

**РФнын Тергөө комитетинин Башкы Тергөө Башкармалыгы** (кыйнап иштетүү жана эмгек майананы төлөбөгөн учурда)
**Москва шаары:** 8 (495) 690-25-28,
**Москва областы:** 8 (499) 184-00-65,
**Санкт-Петербург шаары:** 8 (812) 571-00-40, 8 (812) 570-66-71
**Ленинград областы:** 8 (800) 200-97-80.

**Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу адам**
**Москва шаары** 8 (495) 957-05-85 http://ombudsman.mos.ru/
**Москва областы** 8 (495) 650-20-38 https://upch.mosreg.ru
**Санкт-Петербург шаары** 8 (812) 764-00-54 http://ombudsmanspb.ru
**Ленинград областы** 8 (812) 296-60-13 http://www.ombudsman47.ru/

## КООМДУК УЮМДАР

**БФ «ПСП-фонд»** (Санкт-Петербургдун жана Ленинград областынын эмгек мигранттарын акысыз укуктук колдоо) – консультацияга жазылуу тел. 8 (812) 337-57-85, 8 (953) 141-31-09, psp-f.org, vk.com/pspfond

**«Гражданское содействие»** (Москва шаарынын эмгек мигранттарын акысыз укуктук колдоо)
8 (495) 681 18 23, refugee.ru

## ОРТО АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ УЮМДАР

### Өзбекстан Республикасы

**Ташкентский городской социально-информационный центр «Истикболли Авлод»**
100015,Республика Узбекистан, город Ташкент, Мирабадский район, ул. Катта Миробод, 4-ый проезд, д. 22
Тел/факс: +998 71 254-12-87
Горячая линия: +998 95 143-94-94
Наманган: +99895 301 94 94
Ургенч: +99899 509 94 94
Нукус: +99895 605 94 94
Ташкент: +99895 143 94 94
iatashkent2014@gmail.com
Сайт: http://ia.uz/

### Таджикистан Республикасы

**ОО «Центр по правам человека»**
Башкы офис
734000, Республика Таджикистан
г. Душанбе ул. Валамадзаде 8/1, кв.30
+992 37 227-51-87, +992 918 67-96-06
Юристтин кабылдамасы: +992 93 300 13 93
Сайт: www.muhojir.info Чат в Viber: muhojir.info
E-mail: hrc.tajikistan@gmail.com

**ОО «Гамхори»**
Республика Таджикистан, Хатлонская область,
г. Курган-Тюбе, ул. Космонавтов, 42/46.
+992 918 88-61-88, E-mail: bahodur9166@mail.ru

### Кыргыз Республикасы

**ОО «Ресурсный центр для пожилых»**
Бишкек, +996 770 89-18-06, kyrgyzstan.rce@gmail.com

**Кыргыз Республикасындагы миграция маселелери боюнча Жергиликтүү Коомдук Кеңештер**
1. Иссык-Кульская область, г. Каракол, ул. Ленина 152
+996 778 013216; +996 704 013216
2. Таласская область, г. Талас, ул. Бердике Баатыра дом 198 кв.5
+996 556 600 295
3. Джалал-Абадская область, с. Багыш ул.Гагарина 60
+996 552 663122; + 996 772 663122
ОФ «Центр Содействия Международной Защите»
Кыргызская Республика, г. Ош, ул. Мичурина 9.
+996 3222 44-9-60, +996 3222 44-0-69
center.sip@gmail.com Сайт: www.csip.kg

## ПАЙДАЛУУ МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ

**Эмгек жана жумушка орноштуруу боюнча Федералдык кызматтын электрондук сервиси**
www.онлайнинспекция.рф, www.rostrud.ru

**migrussia.ru** - «Мигранттар жана миграция. Регион аралык маалымат порталы»: адаптация жана укуктук жардам алуу боюнча кеңештер

**МигрАзиЯ+** – эмгек мигранттары жана алардын үй бүлөлөрү – ЕАЭБтин жана КМШ өлкөлөрүнүн жарандары үчүн мобилдик тиркеме (Android үчүн)


Трудоустройство. Трудовые права (на киргизском языке)
Буклет разработан БФ «ПСП-фонд»
Автор-составитель: Якимов А.Н.
Тираж 2000 экз.

Публикация подготовлена в рамках проекта «Развитие сотрудничества некоммерческих организаций России и Средней Азии, направленного на адаптацию и интегрирование мигрантов в правовое и культурное поле Российской Федерации», реализуемого с использованием гранта Президента Российской Федерации на развитие гражданского общества, предоставленного Фондом президентских грантов.


ФОНД ПРЕЗИДЕНТСКИХ ГРАНТОВ

БФ «ПСП-ФОНД»

# Жумушка орношуу

# Эмгек укуктары

## Эмгек мигрантына жардам

2019

Эгерде Сиз Россияга акча табуу үчүн келсеңиз, өзүңүздүн укуктарыңызды жана милдеттериңизди билишиңиз керек. Бул сизди ар кандай көйгөйлөрдөн сактайт.

**Сизге жөнөкөй кеңештер жардам берет:**

- **мыйзамдуу иштеңиз:** мыйзамсыз иштөө –мыйзамды олуттуу бузуу болуп эсептелет. Эгерде сиз иштесеңиз, Сизде эмгек же жарандык-укуктуу макулдуктун болуусу зарыл.
- **өз укуктарыңызды билиңиз:** жумуш берүүчү сизге өзүнүн колу жана мөөрү бар макулдуктун бир нускасын бериши керек да эмгек акыны өз убагында төлөп турушу керек. Эмгек макулдук менен иштегенде сиз эмгек өргүүгө, дем алышка чыгууга акыңыз бар болот жана ооруп калган күндөрүңүз үчүн акы төлөнүп берилет.
- **жумуш берген адамыңызды билиңиз:** өзүңүз иштеген уюмдун аталышын, дарегин, сиздин башчыңыз менен байланышуу жолдорун (аты жөнү жана телефон) билишиңиз керек.
- **ортомчулардын кызматына кайрылбаңыз:** этият болуңуз-ортомчулар сизди бекер жумушчу күч катары пайдаланышы мүмкүн.
- **Эмгек акынын өлчөмү жана төлөө шарты тууралуу так сүйлөшүп алыңыз:** Сизге кандай жумушка канча акча төлөп бере тургандыгын билишиңиз керек-бул макулдукта жазылышы абзел. Эмгек акыңызды банктык карта аркылуу же эсеп кысап бөлүмүнөн өз колуңузду коюп алышыңыз керек. Эсеп кысап бөлүмүнөн эсеп барагын алганга укугуңуз бар.Эгерде акча бересе болсо-жумуш берүүчүдөн расписка талап кылып, өзүңүздө сактаңыз.
- **кол коюп жаткан нерсеңизди кунт коюп окуңуз, бир нускасын берүүнү талап кылыңыз:** Сиз документке анын мазмуну жана шарттары менен макул эмес болсоңуз ага кол койбогоно укугуңуз бар. Эгерде документ сизге гана тиешелүү болсо-сизге анын бир нускасын бериши керек.
- **жумуш берүүчүгө өз документтериңизди карматпаңыз:** Сиздин паспортту, жумуш табууга патентти, медициналык камсыздандыруу күбөлүгүн, эмгек макулдугунун нускасын жана башка документтерди күрөөгө алууга жана ошондой эле эки жакка чыгуу эркиндигин чектөөгө, телефонду алып коюуга ж.б. эч кимдин укугу жок. Эгерде сиздин телефонду алып алышса же эркиндигиңиз чектелсе анда бул олуттуу кылмыш аракет жасаганга барабар: мындай учурда полицияга кайрылыңыз!
- **жардам сурап кайрылыңыз:** жумуш берүүчү сиздин укугуңузду тебелеп жатса сизге полиция, прокуратура, адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу адам, эмгек инспекциясы, сот, коомдук уюмдар жардам беришет.

# ЭМГЕК УКУКТАРДЫ КАНТИП КОРГОСО БОЛОТ

Жумушчунун эмгек укуктары РФнын Эмгек Кодексинде жазылган

## ЖУМУШКА ОРНОШУУДА УКУКТАРДЫ КОРГОО

Жумуш башталгандан кийин 3 күн ичинде Сизге эмгек макулдугу берилиши керек. Жумуш

боюнча мамилелер жумуш башталган моменттен башталат (РФнын Эмгек Кодекси 67.1 берене). Жумуш берүүчү 5 күндөн өйдө эмгек макулдугу менен иштеген жумушчуларга эмгек китепчесин жасап бергенге милдеттүү (РФнын Эмгек Кодекси 66- берене). Жумушка алуу жумуш берүүчүнүн буйругу менен ишке ашат. Жумушчу жумушка алынгандыгы тууралуу **буйруктун** бир нускасын алууга укуктуу (РФнын Эмгек Кодекси 68- берене).

Жумуш берүүчү жумушчунун иштеген убакытына, же эгерде жумушчу менен анын ортосунда макулдук жок болгон учурда да алар аткарган ишке акы төлөп берүүгө милдеттүү (РФнын Эмгек Кодекси 67- берене).

## ШАРТТУУ ЭМГЕКТИ КОРГОО

Шарттуу эмгек-жумуш берүүчүнүн өз жумушчуларын башка уюмдарга эмгек макулдугун түзбөй туруп жиберүү болуп эсептелинет. Шарттуу эмгекти колдонууга РФда тыйуу салынган (РФнын Эмгек Кодекси 56- берене).

Жеке жумушка орноштуруучу агенттиктер өзүнүн жумушчуларын башка уюмдарга же адамдарга жибере алышат, бирок алар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- жумушчунун башка уюмда иштей тургандыгы анын эмгек макулдугунда көрсөтүлүшү керек;
- жумушчуну башка уюмга иштегенге жиберген сайын аны менен кошумча макулдук түзүшү керек.

Жеке жумушка орноштуруучу агенттиктерге кайрылганда – жогорудагы шарттар макулдукта көрсөтүлгөнүн текшериңиз.

! **Бардык мыйзамдуу иштеген жеке жумушка орноштуруучу агенттиктер Росэмгектин каттосунан өтүшкөн-Сиз жумуш берүүчүңүздүн ал тизмеде бар экендигин текшериңиз: https://www.rostrud.ru/opendata/7712345678-chaz!**

## МЫЙЗАМСЫЗ ЖУМУШТАН БОШОТУУДАН КОРГОО

Себебин айтпай туруп жумуштан бошотууга тыйуу салынган (РФнын Эмгек Кодекси 76- берене). Жумуштан бошоткондон кийин мурунку айдын эмгек майанасын төлөбөй коюу туура эмес. Эгерде эмгек макулдугунун мөөнөтү бүтсө, жумуш берүүчү жумушчунун эмгек майанасын ал бошотулган күнү же эртеси, анын эмгек майанасын төлөп берүү жөнүндө жазуу түрүндө берген талабы боюнча төлөп бериши керек. (РФнын Эмгек Кодекси 84.1- берене, РФнын Эмгек Кодекси 140- берене).

Жумуштан бошотулгандан кийин сөзсүз түрдө жумушчунун колуна бошотулгандыгы тууралуу **буйуртма** жана эмгек китепчеси берилиши керек.

## ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮ КЕЧИКТИРГЕН УЧУРДА ЖУМУШЧУНУН УКУГУН КОРГОО

Эгерде эмгек акы төлөө 15 күнгө кечиктирилсе, жумушчу ишти эмгек акы төлөнгүчө токтотконго акысы бар (РФнын Эмгек Кодекси 2-бөлүм 142- берене). Жумушчу бул тууралуу жумуш берүүчүгө жазуу түрүндө маалымдашы керек.

Жумуш берүүчү эмгек акыны төлөөнү кечиктиргендиги жана башка бузуулар үчүн жооп берет (РФнын Эмгек Кодекси 142- берене)

## МЫЙЗАМСЫЗ АЙЫП ПУЛ ТӨЛӨӨДӨН КОРГОО

Эгерде жумушчу өз милдеттерин аткарбаса, жумуш берүүчү ага жазуу түрүндө эскертүү, сөгүш бере алат же жумуштан белгиленген тартипте (РФнын Эмгек Кодекси 192- берене) бошото алат. Эмгек милдеттерин аткарбагандыгы үчүн айып пул салуу мыйзамсыз!

## ӨЗҮН ӨЗҮ КОРГОО

Жумушчу өз укуктарын өзү коргой алат. Жумуш берүүчү алардын өз укуктарын коргоого жолтоо болгонго укугу жок, иш учурундагы пикир келипестик үчүн жумушчуну жумуштан бошото албайт. (РФнын Эмгек Кодекси 380- берене)

Жумушчу жумуш берүүчүдөн эмгек китепчесинин, эмгек макулдугунун, буйрутмалардын, кошумча макулдуктардын, эсеп баракчаларынын ж.б. көчүрмөсүн талап кылганга укугу бар (РФнын Эмгек Кодекси 62- берене). Жумуш берүүчү арызды алгандан кийин жумушчуга 3 күндүн ичинде бул көчүрмөлөрдү бергенге милдеттүү.

## ПРОФСОЮЗДУН ЖАРДАМЫ

Ар бир жумушчу профсоюзга мүчө болуп, өз укугун коргоодо анын колдоосун пайдаланганга укугу бар.

## ЭМГЕК МЫЙЗАМДУУЛУГУН САКТОО ҮЧҮН МАМЛЕКЕТТИК КӨЗӨМӨЛ

Эмгек мыйзамдуулугун сактоого эмгек инспекциясы жана прокуратура жооп берет (РФнын Эмгек Кодекси 353, 356- берене). РФнын миграция маселелери боюнча Башкармалыгы чет элдик жарандарды жумушка орноштуруудагы бузуулар үчүн жумуш берүүчүнү жоопко тарта алат. Эмгек акыңызды 2 же андан көп ай төлөбөй койгон учурда Сиз РФнын Тергөө комитетине кайрылсаңыз болот: жумушчунун эмгек майанасын көп убакыт бою төлөбөй коюу кылмыш аракети болуп эсептелинет (РФнын Кылмыш жаза Кодекси 145.1 берене)..

## СОТТУК КОРГОО

Жумушчу бузууларды билген күндөн баштап 3 айдын ичинде, ал эми пикир келишпестик үчүн жумуштан бошотулгандыгы жөнүндө – жумуштан бошотулгандыгы тууралуу буйуртма же эмгек китепчесин колуна алгандан кийин 1 айдын ичинде сотко кайрылса болот (РФнын Эмгек Кодекси 392- берене).

# ЖУМУШ ИЗДӨӨ

www.trudvsem.ru – **Россияда Жумуш: РФнын Эмгек министрлигинин бүткүл россиялык вакансиялардын базасы**

www.fms.superjob.ru – **ФГУП Вакансиялардын расмий базасы «РФнын ИИМинин Паспорттук-визалык кызматы»**